# Кыргыз тили

Классы : 3 «В»      Күнү   03.10.19

Мугалим:  Жунусова А.Ш.

**Сабактын темасы:**   «Биздин  үй»

**Сабактын максаты:**

А)  Окуучуларга кайда? деген суроого жооп берген сөздөрдү “Биздин үй” деген тема аркылуу түшүндүрүп берүү

Б ) Окуучулардын үйгө байланышкан сөз байлыктарын  өстүрүү, өнүктүрүү

В) Патриоттуулукка  тарбиялоо

**Сабактын милдети:**

***Окуучулар төмөнкүлөрдү билиши керек:***

-Кандай? деген суроонун мүчөсү  -да экенин жана ал тыбышка карата –до, -дө болуп өзгөрүлөрүн.

-Кыргыз бөлмөсү жана жасалгаларын атаганды.

-Кыргыз тилинде текстке байланышкан сөздөрдү.

**Окуучулар төмөнкүлөрдү аткара алышы керек:**

-Сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзүүнү.

-Текст менен иштөөнү.

**Сабактын тиби**: жаңы сабак

**Сабактын усулу:** аралаш

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын этабы | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети |
|---|---|---|
| **1.Уюштуруу учуру** | Саламдашуу , жоктоо, жагымдуу  маанай түзүү.<br>Баалоону түшүндүрүү | |
| **Үй тапшырмасын суроо** | -Макал жаттап келүү<br>-Ата-энеге  таандык бир сөз таап келүү.( *Доскага илинген үйдүн фундаментине “ата-эне” деген сөздү чаптап анын ар бир* | Атам эмгекчи, камкор, апам |

| | | |
|---|---|---|
| | *кышына(кирпич) балдар таап келген сөздөрдү жаздырып үй курдуруу. Аягында чатырын чапташ үчүн берилген суроолорго жооп таптыруу менен жаңы теманы таптыруу)*<br>Суроолор<br>1)Үй бүлөдөгү улуу эркек бир тууганыбыз?<br>2)Үй бүлөдөгү кичүү эркек бир тууганыбыз?<br>3)Атанын сөзү акылдын_________.<br>4)Үй бүлөдөгү эркек баланын кичүү кыз бөбөгү?<br>5)Үй бүлөдөгү кыз баланын кичүү кыз бөбөгү?<br>6) Биз эмне курдук?<br>Суроолордун жоопторуна кара тамга менен белгиленген тамгаларды коштуруп окутуу менене жаңы теманы угузуу. Тема: “Биздин үй” | мээримдүү ж.б.<br><br><br><br>-**б**айке<br>-**и**ни<br>-кө**з**ү<br>-карын**д**аш<br>-син**ди**<br>-э**не**<br>-**үй** |
| **Сабактын максатын билдирүү** | -Кайда ? Деген суроолорго жооп берген сөздөрдү үйрөнөбүз. Ал сөздөрдү “Биздин үй ” Деген темадан кезиктиребиз.<br>-да мүчөсүн улаганга үйрөнөбүз. | |
| **Жаңы тема** | 1-көнүгүү<br>Доскага илинген бөлмөлөрдүн сүрөттөрү менен тааныштырып, кайда? деген суроого жооп берген сөздөргө сүйлөм түздүрүп жаздыруу<br>Кире бериште<br><br><br><br>Ашканада<br><br><br>Балдар бөлмөсүндө<br><br> | Илгич кире бериште.<br>Муздаткыч ашканада.<br>Диван балдар бөлмөсүндө. |

| | | |
|---|---|---|
| **Сөздүк менен иштөө** | **1) Сүрөтүн көрсөтүп тааныштыруу**<br><br>Шырдак , туш кийиз, төшөк<br><br> <br><br>**2)** төшөлгөн- постеленг<br>өзгөчө-особенный | |
| **Текст менен иштөө** | **4-көнүгүү**<br>**1)** Текстти окуп берүү, окутуу.<br>**2)** Суроолорго жооп берүү**.**<br>-Бул эмне?<br>-Бөлмө кандай?<br>-Дубалда эмне илинип турат?<br>-Анда эмне илинип турат?<br>-Бөлмөнүн бурчунда эмне бар?<br>-Анда эмне жыйылып турат?<br>-Жерде эмне салынган?<br>-Сыйлуу коноктorду кайсы бөлмөдө тосушат?<br><br>3) **Калтырылган сөздөрдү таап жазгыла**<br>Бул ____________бөлмөсү.<br>Бөлмө анча______эмес.<br>___________туш кийиз илинип турат.<br>Бөлмөнүн ________ сандык бар.<br>___________ төшөктөр жыйылып турат.<br>_________ шырдак салынган.<br>Сыйлуу конокторду ______ ___________ тособуз.<br>Кыргыз бөлмөсү -өзгөчө бөлмө. | -Кыргыз бөлмө<br>-Бөлмө анча чоң эмес.<br>-Дубалда туш кийиз илинип турат.<br>-бөлмөнүн бурчунда сандык бар.<br>-анда төшөк жыйылат.<br>ж.б. |

| | | |
|---|---|---|
| | | |
| **Сабакты бышыктоо** | **1)Сөздөргө –да мүчөсүн улап жаздыруу.**<br>**-да мүчөсү**<br>-шаар, айыл, короо -да<br>-тоо, жайлоо, бөлмө -до → кайда?<br>-көчө,үй -дө<br>**2) Чымын чапмай оюнун ойнотуу**. (Столдун үстүнө ар кандай сүрөттөөр жайылат, беш бала чыгып мугалим айткан сөздүн сүрөтүн чаап алат. Кими көп сүрөт чогултса жеңишошонуку) | -шаарда, айылда, короодо, тоодо, жайлоодо, бөлмөдө,көчөдө, үйдө |
| **Сабакты жыйынтыктоо** | -Балдар бүгүнкү сабакта эмнелерди үйрөндүк?<br>-Сабак жактыбы | Кайда? деген суроого жооп тапканды. Кыргыз бөлмөсү. |
| **Баалоо** | Беш балдык система менен баалоо | |
| **Үйгө тапшырма берүү** | **7-көнүгүү**<br>Фильворддогу сөздөрдү тапкыла. | |